**БЕКИТЕМИН**
**Ленин райондук**
**Билим берүү борборунун**
**директору А.С.Джунусова**
**______________**
**"15" 02 2020-жыл**

**21-февраль Эл аралык эне тили күнүнө карата**
**"Тил – достуктун ачкычы" аттуу изилдөө долбоорунун кароо-сынагынын**
**ЖОБОСУ**

"21-февраль - Эл аралык эне тили күнүнө" карата "Тил-достуктун ачкычы" аттуу изилдөө долбоорунун кароо-сынагы Бишкек шаардык мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын, Ленин райондук билим берүү борборунун иш планынын негизинде өткөрүлөт. Изилдөө долбоорунун кароо-сынагына райондун жалпы билим берүү уюмдарынын 8-11-класстарынын окуучулары катыша алышат.

**Кароо-сынактын максаты:**

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 1-июлундагы №155 "Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу;
- "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү" Мыйзамын ишке ашыруу, мамлекеттик тилдин статусун көтөрүү;
- Кыргыз Республикасында жашаган улуттардын ынтымагын арттыруу жана ар улуттун эне тилин даңазалоо;
- Ар улуттун тарыхы, адабияты, маданиятынын улуулугун чагылдыруу;
- Элдин үрп-адат, каада-салттары аркылуу ыймандуулукка, патриоттуулукка, улуттардын биримдүүлүгүнө чакыруу;
- Изилдөө иштерине кызыккан, жөндөмдүү, чыгармачыл окуучуларды табуу;

**Өткөрүүнүн тартиби жана шарттары:**

- кароо-сынактын райондук этабы 2020-жылдын 14-февралында (башталышы саат 9:00дө) №93 орто мектепте өткөрүлөт, 1-2-орунга ээ болгон жеңүүчүлөр шаардык турга катышат;
- табыштама 12-февралга чейин Ленин райондук Билим берүү борборунун 613-кабинетине берилген үлгүдө тапшырылат (1-тиркеме);
- калыстар тобунун курамы Ленин райондук Билим берүү борбору тарабынан аныкталат (2-тиркеме);
- кароо-сынакка акыркы үч жылда катышпаган мектептин окуучулары катыша алат;
- изилдөө долбоорунун кароо-сынагына 8-11-класстын окуучулары (экиден ашык эмес) катыша алат;
- кароо-сынактын катышуучусу изилдеген долбоорун программанын шартына ылайык слайд менен жактоосу керек;

**Кароо-сынактын программасы:**

1. Саламдашуу (улуттун тилинде, оозеки 2-3 мүнөт);
2. Тарыхы, маданияты;
3. Балдарга байланыштуу каада-салттары, бешик ыры;
4. Тамак-ашы;
5. Өзгөчөлүгү;
6. Кыргыз эли менен окшоштугу, байланышы;

(1-бөлүмүнө 2-3 мүнөт берилет. 2-6-бөлүмүнө 10-12 мүнөт берилет, жалпы даярдыгы менен бир долбоорго15-20 мүнөт)

Проектор менен гана жактоо. Ашыкча материал көтөрүп келүүнүн кажети жок.

**Кароо-сынакты баалоо:**

- баяндаган мазмундун программага ылайык келиши;
- долбоорду коргоосу (жактоочунун өзүн алып жүрүүсү, текст менен иштөөсү, ораторлук сапаты, суроолорго жооп бериши);

**Ишти тариздөө:**

- титулдук барак (долбоордун аты, автор, мектеп, класс, жетекчи, мазмуну);
- программага ылайык ирети;
- тиркемелер (сүрөттөр, көрсөтмөлүүлүк, карталар, таблицалар, графикалар, интервьюнун стенограммасы, текст менен коштолушу);
- материалдын бекем вариантын (кагаз түрүндө) калыстарга тапшыруу;

**Кароо-сынактын жыйынтыгы жана жеңүүчүлөрү:**

- кароо-сынактын жыйынтыгы калыстар тобунун чечими менен чыгарылат;

1-2-орундун жеңүүчүлөрү шаардык турга катышат.

**1-тиркеме:**

| Мектеби | Классы | Окуучунун аты-жөнү | Тандалган улуту | Даярдаган мугалими |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |